Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын №3-отурумунун №1-протоколу

_____ 2026-ж **Базар-Коргон ш.**

Отурумга катышкандар:

1. Аскар кызы Жанаргүл **2**. Юсупов Зайнабидин Абдумухтарович

3. Жалилов Арзубек Турсунбаевич

КУН ТАРТИБИ:

Базар-Коргон шаардык кенешине Базар-Коргон шаарынын мэри Э.М.Соронбековдун 17.09.2026-жылкы №01-30/129 сандуу каты жана Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А. Нарматовдун 19.08.2026-жылкы чыгыш №7/15 сандуу каты Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы К.Анарбековго жазылып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы К.Анарбеков виза менен «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясына чыгарылган. Кайрылууда Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Базар-Коргон районунун участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин толуктоо боюнча иш аракеттер башталгандыгы айтылган.

Депутат Аскар кызы Жанаргүл сөз сүйлөп, 2027-жылдын январь айында өтүүчү Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого карата жер-жерлерде аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин толуктоо зарылчылыгы келип чыгууда. Базар-Коргон шаарына караштуу 17 участкалык шайлоо комиссиялары бар. Участкалардын төрага, төрайымдары тизмелерин тактап келишкендигин, шайлоо комиссияларында өзгөрүүлөр болгондуктан, жаңы мүчөлөрүнө тийиштүү иш кагаздары толтурулуп келгендигин айтып кетти.

Депутат Жалилов А. да сөз сүйлөп, ошондуктан Базар-Коргон шаарынын мэри Э.М.Соронбеков менен Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Нарматовдун каттарынын негизинде Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын резервине жана Базар-Коргон шаарынын участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерине толуктоо керек экендигин айтты.

Жыйынтыгында Базар-Коргон шаардык кенешинин ««Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын резервине жана Базар-Коргон шаарына караштуу участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерин толуктоо боюнча тизме-тиркемесин бекитүү жагы жалпы сессияга сунуштасын.

2. Көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары Д. Хамиткуловага жүктөлсүн.

Комиссиянын төрайымы: Аскар кызы Ж.

Мүчөлөрү: З.Юсупов А. Жалилов

Б. Мусолбетов

Т. Маматов.